**Сабактын темасы: Космоско саякат**

| **Сабактын максаты:** | **Көрсөткүчтөр:** |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк**:Балдар космос боюнча түшүнүк алышат. | Ракетаны үндөрүнөн, көлөкөсүнөн айрымалап билишет. |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** Күндүн өздөрүнүн жашоосунда кандай мааниге ээ экендигин билишет. | Көркөм образдуу ой жүгүртө алышат. Сабакта колдонулган оюндар аркылуу сөз байлыгы, логикалык ой жүгүртүүсү өсөт. |
| **Тарбия берүүчүлүк:** Жаратылышка туура мамиле жасоого тарбияланышат. | Ата-энелерине камкор болуп, аларды капа кылбоо керек экенинине ынанышат. |



**Сабактын тиби: аралаш**

**Сабактын формасы:**

**Жабдылыш каражаттар: дидактикалык материалдар, макет, топ , коробка, күзгү жбус**

**Сабактын жүрүшү:**

| **Сабактын этабы (убактысы)** | **Тарбиячынын ишмердүүлүгү** | **Баланын ишмердүүлүгү** | **Баало о** |
|---|---|---|---|
| **Уюштуру учулук:** | -Келгиле балдар сабакты баштоодон мурда бири – бирибизге жакшы маанай тартуулап алалы. Ал учун бири-бирибизди карап жылмаялы. Жылмаюу силердин достук мамиленердин чындалышына жана маанайынардын ачык болушуна шарт тузот . Ал эми маанайыбыздын ачык болушу баардык тоскоолдуктарды женуу менен ийгиликке жетууго жардам берет.<br>**Группадагы эң сулуу баланы көрүшөт.** | **Жагымдуу маанай түзүү Алтын эрежени айтышат. Коробкадан өздөрүнүн сүрөттөрүн көрүшөт. Жана дүйнөдөгү эң сулуу бала өздөрү экенине ынанышат.**<br><br> | |
| **Балдардын билимин актуалдаштыруу:** | Самалеттун видеосун көрсөтүү аркылуу тема ачылып берилет. | ***Видео аркылуу жаңы теманы аныкташат.*** | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| |  | | |
| **Жаңы теманы түшүндүрүү:** | Саякат аркылуу балдар космос жөнүндө түшүнүк алышат.<br><br><br><br><br><br><br><br> | Суроолорго жооп берип, кайтарым байланышка активдүү катышат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | <br> | | |
| **Эс алуу мөөнөтү:** | Кол гимнастикасы менен кыймылдарды жасашат<br><br> | Тарбиячынын кыймылын туурап дене көнүгүүсүн жасашат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Бышыкто о :** | Интерактивдүү оюндар:<br>Катасын тап оюну; | Ой жүгүртүп ракетанын үндөрүнөн жана көлөкөсүнөн айырмалап табышат. | |
| **Жыйынты к-тоо:** | Балдар эки топко бөлүнүп, көп-аз оюну аркылуу интерактивдүү космос ойношот.<br><br><br> | интерактивдүү космос оюнун ойношот. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| |  | | |
| **Баалоо** | Сабакка активдүү катышкан балдар **“пантомима”** аркылуу кайтарым байланышка чыгышып, тарбиячыдан жөжө быйтыкчасын алышат.<br><br>“Пантонима”<br><br>Балдар сабакка абдан жакшы түшүнсөңөр, сабак жакса – колду өйдө көтөрүү<br><br>Ал эми сабакты орто түшүнсөңөр, бир аз жакпай калса – башты ылдый кылуу<br><br>Сабакты такыр түшүнбөсөңөр, сабак такыр жакпай калса – бетиңерди колуңар менен жаап койсоңор жетиштүү болот. | | |

**2 сабак**

**Көркөм өнөр**

**Сабактын темасы : “Мээлей”**

| |
|---|
| **Сабактын максаты:** Балдар кыш мезгили жөнүндө түшүнүктөрүн бекемдешет. Балдар кышкы кийимдерди айырмалап кийгенди өздөштүрүшөт. |
| **Милдеттери:** |

| |
|---|
| **Билим берүү:** Балдар мээлейди тартканды, боёгонду үйрөнүшөт. Мээлейди эмне үчүн кийери жөнүндө түшүнүк алышат. |
| **Өнүктүрүү:** Майда моторикасын, аң сезимин , логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, сөз байлыгын, эстетикалык кабылдоосун өнүктүрүшөт. |
| **Тарбиялоо:** Балдар кийим кечелерге аяр мамиле жасоого, таза , дыкан кийинүүгө тарбияланышат. |

**Сабактын тиби**: Жаңы билимдерин өздөштүрүү.

**Сабактын формасы:** Жеке, топто, жалпы иштөө.

**Сабактын методу:** Окутуунун активдүү түрлөрү, аз-аздан изилдөө, түшүндүрүү.

**Сабактын ресурстары**: Окутуу техникалык куралдары: видео-слайд.Таркатма материалдар : ак барак, жөнөкөй калем, түстүү карандаш.

**Күтүлүүчү натыйжа :** Балдар кыш мезгилинде кийүүчү кийимдерди билишет. Түстөрдү айырмалай алышат. Түстүү боёктор менен сүрөттөрдү боёгонду билишет.

**Сабактын жүрүшү:**

| **Программанын мазмуну** | **Убакты сы** | **Тарбиячынын ишмердүүлүгү** | **Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер** | **Каражаттар** |
|---|---|---|---|---|
| **Уюштуруу чулук:**<br><br>**Аңгемелешүү**<br><br>**Сабактын жүрүшү:** | **1 мин**<br><br>**1 мин**<br><br>**15 мин** | **Саламатсыңарбы балдар!**<br>**Жагымдуу жагдай түзүү:**<br>-Балдар биз бүгүн өзгөчө сабак өтөбүз. Анткени бизге көп эжекелер конокко келиптир. Эжекелер менен саламдашып алалы. Балдар орундуктардан туруп баш ийип саламдашат. Балдар бүгүн маанайыңар жакшыбы? Күндүн нуру бизге эмне берет ? Туура айтып жатасыңар!<br>Жарык жана жылуулук берет.<br>Келгиле балдар сабак алдында, күндү карап жагымдуу маанай тартуулап алалычы.<br>Карагылачы, балдар! Кыш мезгилинин кооздугун. Кышында аппак кар жаагандыктан,айлана аппак түскө боёлуп турат. Ал эми кар майда кар бүртүкчөлөрүнөн турат. Кар жаагандан кийин күн суук болот. Үйлөргө от жагылат.<br>Балдар, кыш мезгилинде аба-ырайы суук болгондуктан биз жылуу кийимдерди киебиз.<br>Бүгүн биз көркөм өнөр сабагын өтөбүз. Бүгүнкү сабакта биз кышкы кийимдер тууралуу сүйлөшөбүз жана алардын | Жагымдуу маанай түзүү<br><br>Жарык жана жылуулук берет. | <br><br><br> |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Эсалуу мөөнөтү:** | **1 мин** | сүрөтүн ак барактын бетине тартканды үйрөнөбүз.<br><br>Келгиле балдар! Сыналгыга көңүл буралычы.<br>**Слайд**<br>Балдар, биз кыш мезгилинде жылуу кийимдерди киебиз.<br>**Топу**<br>Балдар бул топу. Топуну биз башыбызга кийебиз . Топунун түсү **жашыл** . Топу кебезден токулат жана материалдан тигилет.<br><br>**Пальто**<br>Пальтонун түсү **ачык көк** түстө. Пальтонун жакасы бар, жеңи узун болот, эки жагында эки чөнтөгү жайгашкан. Пальтону топчусу менен топчулайбыз.<br>**Моюн орогуч**<br>Балдар, бул моюн ороочу моюн орогуч. Моюн орогучтун түсү **сары** . Моюн орогуч кебез жиптерден токулат. Ар кандай түстөгү материалдардан тигилип, жасалат.<br>**Тарбиячы: Балдар бул эмне? Азаматсынар, балдар!**<br><br>**Өтүк**<br>Балдар ,бул бут кийим, биз кыш мезгилинде кийип жүрүүчү өтүк. Өтүктүн түсү **күрөң** . Өтүктүн ичи жылуу жүндөрдөн, сырты суу өтпөгөн кайыштан тигилет.<br>**Мээлей**<br>Мээлей колго кийилүүчү кийим. Мээлей жүндүү териден, булгаарыдан, таардан тигилет. Мээлей жүндөн, кебезден, жибек жиптерден токулат. Мээлейдин эки түрү бар. Бармагынан башкасы туюк жана беш манжалуу мээлейлер. Мээлейлер ар кандай түстө болот. Балдар биздин мээлейибиздин түсү **сыя** . Мээлейди кыш мезгилинде киебиз. | Өтүк<br><br>Балдар тарбиячынын артынан кайталап бийлешет. | <br><br><br><br> |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Балдар, келгиле дене мүчөбүздү ойготуп ,эс алып алалы.<br>Арам, зам, зам,<br>Арам, зам, зам,<br>Гули, гули арам, зам. | | |
| | | **Тарбиячы:** Балдар, сабагыбызды улантабыз. Силер сүрөт тартканды жакшы көрөсүңөрбү ?<br>Балдар, биз бүгүн көркөм өнөр сабагында  кышкы кийимдердин ичинен **мээлейдин** сүрөтүн тартканды үйрөнөбүз.<br>Келгиле, балдар сол колубузду көтөрөлүүчү, азаматсынар балдар!<br>Көтөргөн колубузду алдыбыздагы ак баракка коюп алабыз , андан соң мээлейдин сөлөкөтүн оң колубуздун жардамы менен жөнөкөй калем аркылуу тартып баштайбыз.<br>Тарткан мээлейибизди өзүбүзгө жаккан түстүү калемдер менен кооздоп боёбуз.<br>Балдар, кыш мезгилинде кийилүүчү мээлейдин сүрөтүн тартып, боёдук.<br>Азаматсыңар балдар! | Балдар тарбиячыны кунт коюп угуп отурушат.<br><br>Ак барак, жөнөкөй калем, түстүү калем.<br><br> | <br><br> |
| **Бышыктоо:** | **2 мин** | Балдар азыр бизде кыш мезгили. Кыш  мезгилинде бак-дарактар аппак болуп,  айлана өзгөчө кооздукка бөлөнөт. Кар калың жаайт. Күн суук болот. Биз жылуу кийимдерди киебиз. Келгиле балдар биздин тайпадан бир баланын кышкы кийимдерин кийгизип, жардам береличи. Кана балдар ким келет доскага? | Балдар тарбиячынын берген тапшырмасын аткарышат. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Баарыбыз жардам берели.<br>Карагылачы балдар!<br>Нурадылдын мээлейи беш манжалуу экен. Балдар, биз бүгүнкү сабакта колубузга кийүүчү мээлейдин сүрөтүн тартып боёогонду үйрөндүк. | | |
| **Жыйынтык тоо:** | **1 мин** | 1) Балдар, азыр бизде кайсыл мезгил?<br>2) Эмненин сүрөтүн тарттыңар?<br>3) Тарткан сүрөтүңөр өзүңөргө жактыбы?<br>Азаматсыңар балдар! | Балдар суроолорго жооп беришет. | |

## 3 сабак

**Сабактын темасы: "Келгин куштарды тособуз".**



**Айлана чөйрө менен таанышуу.**

**Сабактын темасы: "Келгин куштарды тособуз".**

| |
|---|
| **Сабактын максаты:** Балдарга жаз тууралуу кененен түшунунук берүү, сабак туулалуу логикалыу ой жүгуртүүсүн өнуктүрүү, сабакка көнүл буруууга тарбиялоо**.** |
| **Билим берүү**: Балдарга жаз айында учуп  келгин куштар тууралуу  кенен түшүнүк берүү. |
| **Өнүктүрүү:** Балдардын сөз байлыктарын өнуктүрүү жана логикалык ой жугүртүүсүн өнүктүрө алышат. |
| **Тарбиялоо:** балдардын кызыгуусун, өз ара жардамдашуусун,өзүн-өзү сыйлоо, жалпы жана майда моторикасын өнуктүрүү. Бири биринин оюун уга билүүгө, тазалыкка тыкандыкка тарбияланышат. |

**Сабактын тиби:** Жаңы билимдерди оздоштүрүү.

**Сабактын формасы:** Окутуунун активдүу түрлору, аз-аздан изилдөөсун тушундүрүү**.**

**Сабактын методу**: жалпы иштөө.



**Сабактын ресурстар :** таркатма материалдар  куштардын сүрөттөрү.

**Күтүлүүчү  натыйжа:**

**Сабактын жүрушү:**

| Программанын мазмуну | Убактысы | Тарбиячынын ишердүүлүгү | Балдар үчүн пландаштырылган Иш-аракеттер | Каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| Уюштуру уучулук: | 2 | Жагымдуу жагдай түзүү:<br>-Келгиле балдар сабакты баштоодон мурда бири-бирибизге жакшы маанай тартуулап алалы. . Ал үчүн келгиле менин артыман ырды кайталайбыз.<br><br>Кайрылуу күн досум,<br>Кайрылуу күн болсун,<br>Маанайыбыз көтөрүңкү,<br>Шаттыкака толуп турсун.<br>Ар бир күнубуз,<br>Ийгиликке толуп турсун. | Жагымдуу маанай түзүү:<br>Балдар бири-бирине жылмайып жагымдуу маанай тартуулашат. |  |
| Балдар дын билимин актуалдаштыруу: | 2 | Балдар биз бугунку сабактан биз жаз айында учуп келген келгин куштар  менен | Балдар сабака кызыгуу менен коңул бурушат. | Сүрөттөр |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | таанышабыз. Баарыбыз сабакка даярбызбы. | |  |
| Жаңы теманы түшүндү рүү: | 13 | Саламатсыңарбы балдар!<br>Балдар маанайыңар кандай? Жакшы маанайда келдиңерби?<br>Анда эмесе балдар сабакты баштайлы. Бүгүнкү биздин сабагыбыз. Айлана чөйрө менен таанышуу**. Темабыз: “ Келгин куштарды тособуз”** Бүгунку сабактан биз куштар менен таанышабыз. Балдар баарыбыз сабакка коңул буралы.<br><br>балдар бул жерден биз жаш баланын сурөтүн көрүп жатабыз. Жаз айында жерге жашыл чөптөр чыгып алыс жактан келгин куштар келе баштайт.<br><br>Бул балдар чабалекей. Чабалакей күн жылыганда жылуу жакка учуп келет. Чабалекейге аяр мамиле жасаш керек. | Балдарга жаз тууралуу кенен тушунук берилет.<br>Сүрөттөргө коңул бурушат. | <br><br>Сүрөттөр. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | <br><br>Бул жерде учуп келгин куштун балапаны түшүп калган экен. Бул балапанга кандай жардам берү керек.<br><br><br><br>Азаматсыңар балдар!<br><br>Балапанды уясына салып койсок болот экен.<br><br>Жаз айында жылуу жакка келгин куштар учуп келет экен . ал учуп келген келгин куш бул ТУРНА.<br><br><br><br>Бул балдар турна. Турна жылуу жакты абдан жакшы көрөт. Ошол үчүн жылуу жакка учуп кетип кайра учуп келет. | |  |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Эс алуу мөөнөтү: | 2 | Бир дегенде баарыбыз,<br>ордубуздан турабыз.<br>Эки десек алдыга,колубузду сунабыз.<br>Үч дегенде көтөрүп, какайып түз турабыз.<br>Төрт дегенде түшүрүп, э с алабыз, тынабыз. | Балдар кызыгуу менен көнүгүү жасашат. |  |
| Бышык тоо: | 3 | Балдар  бугунку сабактан биз жучуп келген келгин куштар менен тааныштык .  учуп келген куштарга аяр мамиле жасаш керек экенбиз. | Сүрөттөр менен тааныштыруу. |  |
| Жыйын тыктоо: | 2 | 1. Балдар сабак жактыбы?<br>2. Эмнелер менен тааныштык?<br>3. Келгин куштар кандай убакта учуп келишет экен? | Ооба<br>Келгин куштар.<br>Күн жылыганда. | |
| Баалоо: | 1 | Балдарды жылмаюу бийтыкча менен баалоо. |  | |

## 4 сабак

**Сабактын темасы: ” Үй жаныбарлары”**

**Сабактын тиби:** топтук

**Сабактын максаты:** Балдарга үй жаныбарларын таанытуу, алардын жашоосу тууралуу маалымат алышат.

**Сабактын милдеттери:**

1.Үй жаныбарларын тааныштыруу

2.Үй жаныбарларын кандай багыларын, кандай азыктанарын таанытуу.

3. Жаныбарларга аяр мамиле кылууга, боорукерликке тарбиялоо.

**Ресурстар:** Үй жаныбарларынын сүрөттөрү, пазлдар, аудио жаныбарлардын үндөрү.

**Сөздүк иш:** Ат, уй, кой, ит, мышык, уя

**Интеграция:** Кеп өстүрүү, аппликация

**Өтүлүүчү ыкма**: Топтук, аралаш

**Күтүлүүчү натыйжа:** Балдар үй жаныбарларын жакшы таанышат, аларга кам көрүүнү билишет.

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этабы | Убакыт | Тарбиячынын ишмердүүлүгү | Балдардын ишмердүүлүгү |
|---|---|---|---|
| Уюштуруу | 2 мин | Саламатсыңарбы балдар?<br>Маанайыңар кандай?<br>Азыр кайсыл мезгил?<br>Аба-ырайы кандай?<br>Азаматсыңар!<br>Кыш мезгили | |
| Теманы түшүндүрүү<br><br>Топко бөлүү<br><br>Топто иштөө | 2 мин<br><br><br>5 мин | Биз азыр айлана-чөйрө сабагынан<br>“ Үй жаныбарлары” менен таанышабыз.<br>1-топ<br>Чөптүн сүрөтү жакка отурабыз.<br>2-топ<br>Суунун сүрөтү жакка отурабыз.<br>Балдар көңүл бурабыз.<br>Ат, уй, кой, мышыктын үндөрүн угабыз. Жаныбарлар кантип сүйлөшөт. Жаныбарлар кайда багылат?Ооба балдар сарайда багылат.Эмне тамак жешет?Туура чөп жешет, суу ичишет. А балдар ит кайда жашайт. Сыртта ...Демек итибиз үйү жок үшүдү. Келгиле балдар итке түстүү кагаздын уя салып берели.<br>Балдарга түстүү кагаз таркатып берип, итке уя жасайбыз. | <br><br> |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Эс алуу көнүгүү | 2 мин | Ат сарайга барабыз<br>Аттын жалын тарайбыз<br>Уй сарайга барабыз<br>Уйду саап алабыз<br>Кой сарайга барабыз<br>Койго чөптү салабыз<br>Жаныбардын бардыгын<br>Жакшы көрүп карайбыз.<br>Азаматсыңар |  |
| Бышыктоо | 4 мин | Келгиле балдар жаныбарлар катышкан оюнду ойнойбуз<br>1-топ<br>“Ойлоп издеп тап” оюнун ойношот.<br>Жаныбарлардын пазл түрүндө ордун табышат.<br>2-топ<br>“ Апамды издейм” оюнун ойношот.<br>Жаныбарлардын адашып калган балдарына апасын табууга жардам беришет. |  |
| Жыйынтыктоо<br><br>Баалоо | 1 мин | Бардыгыбыз колубузду башыбызга коюп, азаматсыңар! Эң жакшы |  |

## 5 сабак

### Тема:” Кыштоочу канаттуулар”.

**Жогорку топ**



**Программын мазмуну:** Балдар канаттуулардын кышындагы жашоосу тууралуу маалымат алышат;сырттагы канаттуулардын жүрүм-турумдарын байкоо каалоосун өнүктүршөт; гуаш боегу менен сүрөт тартуу техникасын жакшыртышат; канаттуулардын сүрөтүн тартуу жөндөмдүүлүгүн бышыктап, өз алдынча дыкаттык жана көңүл коюп иштөөгө; тулку бой түзүлүшүн сүрөттөп, боз чымыктын сүрөтүн тартууга үйрөнүшөт (тулку бою-сүйрүү, башы тоголок, канаттары-сүйрү сымал, куйругу, көздөрү, тумшугу, үлпүлдөк жүнү) сүрөт тартууда боек, кыл калем менен иштөөгө көнүгүшөт. Балдар көркөм өнөр менен жакындан таанышышат.

**1) Билим берүүчүлүк:** Балдарга канаттууларды ачык айкын тартууга үйрөтүү; боз чымчыкты колдонуу менен бирге композиция жаратууга үйрөтүүнү улантуу: гуашь менен тартуу ыкмасын жакшыртуу; айлана-чөйрөнү экология жагынан тең салмакта сактоо зарылчылыгы тууралуу түшүнүгүн калтандыруу.

**2) Өнүктүрүүчүлүк:** Билүү кызыгуусу өнүктүрүү; салыштыруу алынган маалыматтын негизинде жыйынтык чыгаруу жана талдоо жүргүзүү жөндөмүн өнүктүрүү.

**3) Тарбия берүүчүлүк:** Канаттуулардын кооздугун көрүү, алардын назиктигин түшүнүү жана аларды коргоого тарбиялоо.

Боз чымчык тууралуу ырды угууда балдарда сезимдерди жаратуу.

**4) Күтүлүүчү натыйжа:** Балдар канаттуулар жөнүндө кенен маалымат алышат жана канаттууларды айырмалай алышат.

| № | Этапта р | У\ б | Тарбиячынын ишмердүүлүгү | Баланын ишмердүүлүгү | Колдонууч у каражаттар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>2 | **Сабакт а уюшту руу**<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>**Жаңы тема.** | 3<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>15 | Тарбиячы балдар менен саламдашат.<br>Жагымдуу маанай:<br>Көзүбүздү жумуп элестетебиз,<br>Өзүбүздү азыр байкайбыз.<br>Кече күнкү болгондорду унутуп,<br>Бүгүнкү жакшы нерселерди ойлойбуз.<br>Ар бириңер сулуу жана жагымдуусуңар,<br>Силер дүйнөдөгү эң мыктысыңар.<br>Кана эмесе, көзүбүздү ачабыз | Балдар тарбиячы менен саламдашышат<br>Бири-бирине жагымдуу маанай тартылоо. | Кыл калем,ак барак,суу куюлган стакандар, Боегучтард ы сүртүүчү кагаз майлыктар, Проектор-экран, Кышкы канаттуула рдын сүрөттөрү, Боз чымчыктын |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Саламатсыңарбы, балдар!<br><br>Балдар азыр кайсыл мезгил? Кыш мезгили кандай?<br>Балдар кышкы канаттулар менен таанышышат.Канаттуулардын кышындагы жашоосу тууралуу маалымат алышат.<br>Келгиле балдар кышкы канаттууларга кайсылар кирет жана алар кайда жашашат проектордун жардамы менен таанышып алабыз.<br>М:(көк куш,сагызган,тоңкулдак, көгүчкөн, таранчы,карга,алтын мүйүз,боз чымчык,үкү ж.б).Ушул кышкы канаттуулардын ичинен бүгүн биз боз чымчык жөнүндө сүйлөшөбүз.<br>Конокко боз чымчык кирип келет. Карагылачы балдар бизге конокко ким келди.<br>Таадыңарбы? Бул боз чымчык.силерге конокко келди,боз чымчык кышкы канаттууга кирет.Кышында ушул жерде кыштоочу чымчык.<br>Маектешип суроо берет:<br>Кана балдар кышында кыштоочу канаттуулар жөнүндө билесиңерби.<br>Алар силерге жагабы?<br>Боз чымчыктын өңү түсү кандай болот?<br>Боз чымчык кайсыл канаттууга кирет?<br>Балдар кышкы канаттууларды атап бергилечи? | Кыш мезгили,эшикте аба-арайы суук,жылуу кийинебиз.<br>Кышкы канаттуулар жөнүндө маалымат алышты.Берилген сүрөттөр менен жана экрандагы кышкы канаттууларга көңүл бурушат.<br><br>Тарбиячынын суроолоруна жооп беришет.<br>Боз чымчыктар түстүү келишет.Боз чымчык кышында кыштоочу канаттууга кирет.Боз чымчыктын төшүү кызыл,башы,куйругу,канаттары кара тустө болот.Боз чымчык уясын ичке тал теректерге салат.Боз чымчык кышында ар кандай мөмөлөрдү,уруктарды, кээ бири курт-кумурскалар менен тамактанышат.Боз чымчык кооз чымчык. | тулку бой түзүлүшүнүн сүрөттөрү,туз клей пва,тарелка кызыл жана кара түстөгү гуашь. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | **Эс алуу көнүгүү:** | 3 | Тарбиячы балдардын жоопторун жалпылайт:<br><br>**Балдарга ыр окуп берүү:**<br><br>Боз чымчык,боз чымчык.<br>Ал бутакта олтурган,<br>Кызыл төштүү боз чымчык.<br>Укмуштуудай сайраган,<br>Жаз мезгилин чакырган.<br>Бул бутакты карагын<br>Кызыл төштүү боз чымчык<br>Канаттары ачылып<br>Кундү карашат<br>Учкулары келип турушат<br>Кыш-Кыш учабыз.<br><br>Тарбиячы боз чымчыктын чийилген формасын алдын ала даярдап алат.<br>Балдар азыр биз клей пванын жардамы менен Чымчыктын дене бой түзүлүүшүнө бир аздан сүйкөп чыгабыз.Андан кийин башын,төшүн куйругун дагы клейден жука кылып сыйпайбыз.Балдар тартылган чийимден чыкпай тыкандак менен иштейбиз.<br>Клей менен иштеп бүткөн соң колдун учу менен боз чымчыктын дене бой түзүлушүнө Туздан сээп чыгабыз.Андан кийин боектун жардамы менен сүрөттү боеп баштайбыз. | Балдар ырды угушат.<br><br>Балдар ырды айтышат жана тарбиячынын көрсөткөнүнө жараша кыймыл- аракеттерди жасашат.<br><br>Балдар сүрөттү карашат.Тарбиячынын суроолоруна жооп беришет.<br><br>Балдар тарбиячынын көрсөткөнүнө жараша төмөнкү иш-аракеттерди аткарышат.<br>1) клей аркылуу чымчыктын дене бой түзүлүшүнө бир аздан ичке кылып сүйкөшөт.<br>2) Ошондой эле башына,төшүнө,куйругун жука кылып сыйпашат. Тартылган чийимден чыкпай тыкандык менен сыйпап чыгышат.<br>Колдун учу менен баардык дене бой түзүлүштөрүн туз менен себелеп чыгышат.<br>3) Кыл калемди гуашка салышат.кыл калемдин учу менен стакандын кырына тийгизип, ашыкча боекту алып салышат жана сүрөт тартып башташат.Кызыл боек менен чымчыктын | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>5 | **Жыйын-тоо**<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>**Баалоо** | 3 | Биринчи бизге кызыл өң керек чымчыктын төшүү кызыл болот,андан кийин өңдү алып  боз чымчыктын башын,канаттарын,куйругун боейбуз.Сүрөттү боеп бүткөн соң, кыл калемдерди жуу зарыл жуугандан кийин аны таза сууга чайкагыла жана боегучтун учун кагаз майлык менен сүртөбүз.<br>Биз гуаш менен сүрөт боеп жатабыз,<br>Гуаш менен боедо сууну көп колдонбоо керек.<br>Сүрөт кургаганча күтүү керек.<br><br><br><br><br><br>Балдар бүгүнкү сабакта эмнени үйрөндүңөр?<br>Биз бүгун кайсыл канаттуулар жөнүндө сүйлөштүк?<br>Боз чымчыктын өңү кандай экен?<br>Эмнелердин жардамы менен биз боз чымчыкты боедук?<br>Балдар боз чымчык кандай канаттууга кирет экен?<br> Боз чымчык жөнундө окуп берген ыр силерге жактыбы?<br>Кышкы канаттуулардын аттарын билесиңби? Айтып бергилечи? | төшүн боешот жана кара боек менен башын,тумшугун, куйругун боешот.<br>4) Боеп бүткөндөн кийин суу менен жуу зарыл.Жуугандан кийин таза сууга чайкап жана кагаз майлык менен сүртүшөт.Сүрөт кургаганча күтүшөт.<br><br><br>Кышында кыштоочу канаттуулар жөнүндө.<br>Кочкул кызыл жана кара өңдө болот.<br>Кыл калемдин,боектордун ж.б.<br><br>Кышында кыштоочу канаттууга кирет.<br><br>Ооба.<br><br>Көгүчкөн,көк куш,сагызган,карга,таранчы, ж.б. | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Балдардын жасаган иштеринин көргөзмөсу. | | |